# Кичинекей дизайнер



Автор: Ырысбүбү Итибакунова

Сүрөтчү: Айзуура Бакалова

# Кичинекей дизайнер

Автор: Ырысбүбү Итибакунова
Сүрөтчү: Айзуура Бакалова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Кичинекей дизайнер?» (кыргыз тилинде), автор Ырысбүбү Итибакунова,
сүрөтчү Айзуура Бакалова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Акинай таенеси менен дүкөнгө барды. Дүкөндүн текчесинде куурчактардын көптөгөн түрлөрү бар экен. Дароо эле чуркап барып, куурчактарды кармалап калды.

– Таене, караңызчы! Кооз куурчактар бар экен. Көйнөктөрү да сонун!

– Сиздин дагы куурчагыңыз бар беле?

– Ооба, кызым. Биз ал кезде өз колубуз менен чий куурчак жасап ойночубуз.

– Чий куурчак? Ал кандай куурчак?

– Куурчакты үйгө барганда экөөбүз чогуу жасайлы. Бул куурчакты да сатып берейин.

Акинай таенесинин куурчак алып бергенине сүйүнүп келе жатты. Бирок оюнан чий куурчак кетпей койду.





Экөө жолдон өсүп турган чийден ала кетүү үчүн дөбөчөгө кайрылышты. Таенеси чийди белине салып, бирден жула баштады.

– Сиз эмнеге чийди минтип жулуп жатасыз?

– Күз мезгилинде чийдин бышкан кези болот. Катуу чийди кол менен үзгөндө, кол ооруп калат, ошон үчүн белге салып жулдум.

Экөө бир нече чийди үйгө көтөрүп келишти.



– Азыр экөөбүз чийден куурчакты чогуу жасайбыз. Үйрөнүп алсаң, өзүңө эле жакшы.

Алар чий куурчакка керектүү бардык нерселерди даярдап алышты.

– Чийди жип менен ороп, куурчактын келбетин жасап алабыз. Чоң топчуга чүпүрөктү ороп, башын жасайбыз. Андан кийин тегерек кездеменин ортосун оюп, куурчакка кийгизсек болот.

Жип менен белинен кур сыяктуу байлап коёлу. Мына бул куурчактын көйнөгү болуп калды. Таенеси жасаган ишти түшүндүрүп жатты.



– Көзү, мурду жок болобу? Тартып коёюнбу?

– Ооба, жакшы болот?

Акинай куурчактын көзүн, мурдун, кашын, оозун тартты. Чий куурчак өзгөчө кооз жана сулуу болду.

– Ай-ий, таене, бул чий куурчак дүкөндүн куурчагынан дагы кооз болду. Эми менин эки куурчагым болуп калды.

Акинай куурчактарга ат коюуну ойлонду. Чий куурчакка "Акылай", ал эми таенеси дүкөндөн сатып берген куурчакка "Алтынай" деген ат койду.

Ошол күндөн баштап Акинай бош убактысын куурчактары менен өткөрчү болду. Ал таенесинен үйрөнгөн чий куурчактардын көп түрүн жасады. Күн сайын жаңы кийимдердин үлгүлөрүн ойлоп таап, «кичинекей дизайнер» болду.







Бир күнү Акинай куурчагы менен ойноп жатса, таякеси келип калды.

– Ай-ий, куурчактарың сонун турбайбы! Сага буларды ким жасап берди?

– Таенем экөөбүз чогуу жасадык. Мен да үйрөнүп алдым.

– Куурчактын кийимдерин абдан жакшы тигиптирсиң. Келечекте дизайнер болосуң го?

– Чоңойгондо чоң кыздардын кийимдерин тигем. Сизге бир куурчагымды берейинби?

– Ыракмат! Менин кызымдын мындай чий куурчагы жок эле, ал аябай сүйүнөт.



Акинайдын жөндөмү күндөн-күнгө өсө берди. Ал мектепти эң жакшы окуп бүттү. Жогорку окуу жайда "дизайнер" деген кесипке ээ болду. Бир кездеги «кичинекей дизайнер» азыр айымдар үчүн заманбап үлгүдөгү кийимдерди тигет.

Ал эми таякесине берген чий куурчак анын үйүндөгү текчеде дагы деле сакталып турат.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Ырысбүбү Итибакунова
Сүрөтчү: Айзуура Бакалова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли